УДК 330.59 (575.2)

**Сомташов Дастан Уланович**
Кыргыз Республикасынын Президентине
караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы,
мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу багытынын 3-курсунун студенти
**Сомташов Дастан Уланович**
Студент 3 - курса направления государственное и муниципальное управление,
Академия государственного управления при Президенте Кыргызской Республики
**Somtashov Dastan Ulanovia**
3rd year student of the direction of state and municipal administration,
Academy of Public Administration under the President of the Kyrgyz Republic

# КЫРГЫЗСТАНДА ЖАШТАР САЯСАТЫН ЖАКШЫРТУУ

# СОВЕРШЕНСТВОВАНИЕ МОЛОДЕЖНОЙ ПОЛИТИКИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

# IMPROVEMENT OF YOUTH POLICY IN KYRGYZSTAN

**Аннотация:** Бул макалда- Кыргызстандагы жаштар саясатынын өнүгүүсүнө укуктук, социалдык экономикалык жана уюштуруучулук процесстерине шарттарды түзүү каралат. Жаштар саясаты – ар кандай коомдук жана мамлекеттин өнүгүүсүнүн көрсөткүчү. Эффективдүү жаштар саясатын жакшыртуу максатында мамлекетке ишенимдүү кадам таштоого мүмкүндүк берет.

**Аннотация:** В статье рассматривается создание условий для развития молодежной политики в Кыргызстане в рамках правовых, социально-экономических и организационных процессов. Молодежная политика- индикатор развития любого общества и государства. Позволяет госдарству сделать уверенный шаг к совершенствованию эффективной молодежной политики.

**Abstract:** The article discusses the creation of conditions for the development of youth policy in Kyrgyzstan within the framework of legal, socio-economic and organizational processes. Youth policy is an indicator of the development of any society and state. Allows the state to take a confident step towards improving effective youth policy.

**Негизги сөздөр**: жаштар саясаты; жаштар; мамлекет; коом.

**Ключевые слова:** молодежная политика; молодеж; государства; общества.

**Key words:** youth policy; youth; states; societies.

Жаштар саясаты- бул шарттарды түзүү жана өзүн-өзү ишке ашыруу үчүн мүмкүнчүлүктөрдү берүү аркылуу жаштардын адамдын капиталын жакшыртуу боюнча чаралардын системасы; экономиканын жана социалдык чөйрөнүн туруктуу оң өзгөрүүлөрү үчүн калктын эң активдуу бөлүгүнө инвестицияло. Ошол сыяктуу жаштар саясаты-бул мамилелердин татаал, көп кырдуу системасы, анда идеялардын, түшунүктөрдүн, принциптердин, функциялардын, артыкчылыктардын, жаштардын социальдык өнүгүүсүнүн негизги багыттарынын, стратегияларынын жана тактикасынын жыйындысы сыяктуу структуралык элементтерди аныктоого мүмкүн болот. Кыргызстанда эгемендүүлүк жылдарында жаштар саясатынын ченемдик укуктук базасы түзүлдү, анын негизинде

жаштарды ар тараптан өнүктүрүү боюнча эки улуттук программа ишке ашырылган: “Жаштар” жана “Кыргызстан жаштары” бул программалар аркылуу өсүп келе жаткан жаштар саясаты боюнча анализи аны ишке ашыруунун эффективдүүлүгү өтө төмөн деңгээлде кала бергенин көрсөттү. Себеби жаштар саясатын өнүктүрүүдө акыркы 30 жылдын ичинде бийликтер өтө кызыксыз болуп, бул жаатта кечиктирилгис милдеттерди өлкөнун ички саясатынын четине таштап кетүү тенденциясы байкалган. Кыргызстанда 2005, 2010, 2020-жылдардагы саясий окуялар жаштар коомдун негизги кыймылдаткыч күчү экенин, радикалдуу кайра түзүүгө жөндөмдүү экенин көрсөттү. Бул абал акыркы жылдардагы дүйнөлук тенденцияларга туура келет. Бирок жаштар азыркы учурдагы кыргыз коомунун ири социалдык демографиялык топторунун бири, жана өлкөнүн экономикалык активдүү калкты дайыма толуктап турат. Азыркы күндө Кыргызстанда 30 жашка чейинки жаштар калктын 65% ын түзөт. Кийинки жыйырма жылдын ичинде азыркы балдар жана жаштар Кыргызстандын тарыхындагы эң чоң эмгек күчүнө айланат. Бүгүнкү күндө жаштарды өнуктүрүүгө тийиштүү инвестициялар менен алар Кыргызстанды социалдык экономикалык өнүгүүнүн жаңы баскычына алып чыга турган муун боло алышат. Антпесе, азыркы жаштардын жыргалчылыгына жетиштүү инвестиция салбоо чоң укуксуздукка жана жаштардын жумушсуздугуна толук алып келиши мүмкүн. Бул жаштар саясатын жакшылап иштеп чыгууга жана толук кандуу ишке ашырууга жаңы мамилелерди талап кылат. Ушуга байланыштуу жаштардын жашоосу, муктаждыктары жана кызыкчылыктары жөнүндө ишенимдүү маалыматтарды чогултуу үчүн мезгил-мезгили менен изилдөө жүргүзүү зарылчылыгы келип чыгат. Ошентип, жаштар саясаты тармагында жаштардын ишкердигине жашоо шартына башкаруу таасир этүүчү үч өз алдынча түр объективдүү негизде орун алган. Кыргызстандагы негизги проблемалардын бири, биринчи кезекте жаштардын эсебинен анын адам капиталынын агылуусу жана жабыркап бара жаткандыгы. Коом жана мамлекет үчүн негизги жагымсыз жагдайлардан болуп төмөнкү процесстер саналат:

- жаштардын бейсоциалдашуу процессинин өсүшү;
- жаштардын аң сезимине башка баалуулуктарды киргизүү процесси;
- жаштардын ири санынын өз келечегин өз өлкөсүнүн сыртынан издөөсү;
- өлкө сыртына массалык миграция процесси;
- жаштардын айрым санынын криминал түзүмдөрүнө жана тыюу салынган (салттуу эмес, деструктивдүү) диний уюмдарга тартылуусу.

Маңызы боюнча ушул бардык процесстер Кыргызстандын базалык көйгөйүн мүнөздөйт. Мында мамлекет бүгүнкү күнү реалдуу саясаттын үстөмдүк кылуучу катышуучусу болуп саналбайт. Ошол эле учурда мамлекет, бардык катышуучулардын кызыкчылыктарын макулдашуу жана эске алуу менен бардыгы үчүн жалпы аракет кылуу чөйрөсүн жана оюндардын жалпы эрежелерин координациялоого жана белгилөөгө тийиш. Жаштар саясатынын ролу дал ушунда камтылган – бул, копромисс искусствосу, сүйлөшө билүү жөндөмдүүлүгү жана жалпы эрежелерди жана аракет кылуу ченемдерин түзө билүү жөндөмдүүлүгү.

Биздин оюбузча актуалдуу жаштар саясатынын эрежелеринин бири, бир эле учурда эки багытта курулууга тийиштигинде камтылган:

1. жаштарды активдүү, келечектеги өз алдынча коомдук ролго даярдоо;
2. жаштардын замандын реалдуу иштерине катышуусун камсыз кылуу.

Жаштар саясатын жакшыртуу да коомдун алдында турган көйгөйлөрдү чечүүгө активдүү, кызыктар жана катышуучу болушу керек, бирок алар кээ бир көйгөйлөргө жана кыйынчылыктарга туш болушат. Коом жаштардын өзүн-өзү ишке ашыруусу жана коомдук

процесстерге активдүү аралашуусу үчүн зарыл шарттарды түзүүгө тийиш. Бул социалдык, маданий жана экономикалык кайра өндүрүүнү камсыз кылат жана коомдук өнүгүүнү тездетет. Жеке оюмча жаштар саясатын өнүктүрүү учун эн негизги кадамдар: жаштар өзүнчө орган катары түзүп алар кайсы чөйрөдө болбосун, эң негизгиси жаштар өзүн активдүү алып жүрүшү керек.

Кыргызстандын жаштарынын келечектеги ыкмалары:

1. Бардыгын позитив, демилге жана мобилдүүлүк
2. Билимдүү, ден соолугуң бекем жана ийгиликке жетишкен
3. Керектүү бол, өзүңдүн атаандаштык артыкчылыгыңды жогорулатуу
4. Коомдун руханий жана нравалык баалуулуктарын сакта жана өнүктүр
5. Өлкөнүн жоопкерчиликтүү жана татыктуу жараны болуу
6. Өз кыялыңды Кыргызстанда орундат

**Колдонулган булактар:**


1. Закон КР от 31 июля 2009 года № 256 " Об основах государственной молодежной политики".
2. Постановление Правительства КР от 16 октября 2014 года № 601 "О проекте Закона Кыргызской Республики "Об основах государственной молодежной политики"
3. Программа Правительства Кыргызской Республики «Развитие молодежной политики на 2017-2020 годы» (Утверждено постановлением Правительства Кыргызской Республики от 10 августа 2017 года № 471)
4. Об общих началах государственной молодежной политики в СССР: Закон СССР от 16 апреля 1991 г. № 2114-1 // Ведомости СНД СССР и ВС СССР. 1991. № 19. Ст. 533.
5. Концепция молодежной политики на 2020-2030 годы (к постановлению Правительства КР от 18 октября 2019 года N 562)


**Рецензент: д.э.н. Бексултанов А.А.**

.